| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН |
|---|---|---|
| БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 20-февралы **№11** Барскоон айылы

**“Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн**
**атайын эсебиндеги эркин калдык жөнүндө”**

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Г.Чабалдаеванын айыл өкмөтүнүн атайын эсебиндеги жыл аягына эркин калдык жөнүндөгү билдирүүсүн угуп, талкуулап эл депутаттарынын Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын 1-январына карата Барскоон айыл өкмөтүнүн атайын эсебиндеги эркин калдык 1405,5 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлсүн.

2. Атайын эсебиндеги 2026-жылдын 1-январына төмөндөгү мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын эсебине жүргүзүлсүн:
- Тамга айылындагы “Байчечекей” МЧББУна 82,1 миң сом;
- Тосор айылындагы “Бугу-Эне” МЧББУна 215,4 миң сом;
- Барскоон айылындагы “Барскоон” МЧББУна 243,4 миң сом;
- “Т.Орумбаев” атындагы МЧББУна 864,6 миң сом;

3. Каралган акча каражаттарын бекитип берүү жагы Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жана аткаруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска